**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2023-жылдын 30-июнунда болуп откон Окумуштуулар кеңешинин № 9 протоколунан**

**к ө ч ү р м о**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 18

Катышпаганы – 5

**Күн тартиби:**

1. 2022-2023-окуу жылында кафедра башчыларынын отчетун угуу жана алардын ишин баалоо

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент Н.Турганбаев факультетке тиешелүү 5 кафедранын башчыларынын ишмердүүлүгүнө токтолуу менен, ар бирине сөз берди.

**Созго чыккандар**: ФББТ кафедрасынын башчысы, проф. С.Момуналиев – Бул окуу жылында жалпы кафедранын отчету боюнча төмөнкүлөргө токтолуп кетейин. Кафедрага бөлүнгөн саат жүктөмдөрү толугу менен аткарылды. Жыл башында бекитилген кафедранын иш-планына ылайык окуу-усулдук, илимий, тарбиялык иштер толугу менен аткарылды жана отчетто көрсөтүлдү. Кафедра мүчөлөрү тарабынан илимий макалалар жарыяланды. Илимий талкуулар өткөрүлдү.

Кыргыз тили илими кафедрасынын башчысы, проф. Ж.Элчиев – Урматтуу коллегалар, биздин кафедрада да иш-планга ылайык иштер толугу менен аткарылды. Университет тарабынан, факультет тарабынан берилген тапшырмаларды убагында аткарганга аракет жасадык. Жетектөөчү мекеме катары илимий талкуулар откөрүлүп, илимий оппонент катары өзүм катыштым. Сабактар үзгүлтүккө учураган жок, убагында модуль, экзамендер алынып жатты. Негизинен, бир жылдык иштерди аткарганга аракет кылдык.

Кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы, доц. А.Мурзакметов – Саламатсыздарбы, урматтуу агай-эжекелер! Биздин кафедрада да жогоруда айтылган иштер жасалды. Мен негизинен илимий иштерге басым жасайын деп жатам, квалификациялык иштер, магистрдик диссертациялар аткарылды. Кафедра мүчөлөрү макалаларды басмага сунушташты. Дисциплиналарга тишелүү ОМКлар учурунда жасалып, бекитилип, сабактар үзгүлтүккө учурабады. Кафедра тарабынан бекитилген иш-планга ылайык иштер аткарылды.

**Сүйлөдү:** доц. Кошуева М. – Мен төмөнкүдөй суроо берейин дедим эле: “Кафедраларга сабактарга катышуу кандай болуп жатат? Устат-шакирт түшүнүгү канчалык деңгээлде калыптанган?

ФББТ кафедрасынын башчысы, проф. С.Момуналиев:

– Биздин кафедрада сабактарга катышуу график боюнча жүргүзүлөт. Устат мугалимдерге жаш мугалимдер бөлүнүп, сабактарына катышат.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, доцент Н.Турганбаев:** Факультеттин иш-планына ылайык кафедралардын ишмердүүлүктөрү текшерилип, талкууланат. Ошондо кафедра башчыларына жана кафедранын жалпы ишмердүүлүгүнө баа берилет.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту жана жана төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. 2022-2023-окуу жылына карата кафедра башчыларынын отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Жаңы окуу жылына карата кафедранын ишин жандандыруу, илимий макалаларды чет өлкөлүк басылмаларга жарыялooого окутуучуларды тартуу жагы кафедра башчыларга миллдеттендирилсин.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Кочүрмо анык.**

Катчы: Заирова Н.

30-июнь, 2023-жыл